**«Жаз»**

Сөзү: Алымбеков Надырбек

Обону: Бөдөшов Атайбек

Көксөгөн кышта жүрөгүм,
Көктөмдү гана самайт, билемин.
Жайнаган кызыл гүл көрсөм,
Жаштыктын сеземин илебин.

Жан дүйнөм кошо жашарып,
Жазда бар гана кирсиз тазалык.
Жыпар жыт майдын деминен,
Жыргабайт кимдер наз алып.

Сулуулук жаздан жаралып,
Сулуулук гана бойго таралып.
Алдыман кетпей тартылат,
Алыстап калган балалык.